**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**
**КЫЗАРТ**
**БИРИКТИРИЛГЕН АЙЫЛДЫК**
**КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**
**КЫЗАРТСКИЙ**
**ОБЪЕДИНЕННЫЙ АЙЫЛНЫЙ**
**КЕНЕШ**

---

**Кызарт айыл аймагынын бириктирилген айылдык кенешинин**
**I-чакырылышынын III-кезексиз сессиясынын**
**Токтому №5/5**

Жаны-Арык айылы 6-октябрь 2023-жыл

**Айыл-чарба багытындагы жер салыгына мораторий жарыялангандыктан, республикалык бюджеттен айыл өкмөтүнүн эсебине келип түшкөн 278 500 миң сом акча каражатын беренелерге бөлүү жөнүндө.**

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, айыл-чарба багытындагы жер салыгына мароторий жарыялангандыктан, республикалык бюджеттен айыл өкмөтүнүн эсебине келип түшкөн 278 500 мин сом акча каражатын беренелерге бөлүү боюнча, Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Социалдык Экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы М.Таалайбек кызынын билдирүүсүн угуп, айылдык кеңештин бюджет комитетинин сунушун талкуулап, Кызарт бириктирилген айылдык кенеши **токтом кылат:**

**1.** Айыл-чарба багытындагы жер салыгына мароторий жарыялангандыктан республикалык бюджеттен айыл өкмөтүнүн эсебине келип түшкөн 278 500 миң сом акча каражаты төмөндөгүдөй беренелерге бөлүнсүн;

**АУП:**

2215 беренеси боюнча – Ар кандай чыгымдар үчүн – 122 500 миң сом
3112 беренеси боюнча – Айылдын кире бериш жерлерине видео камера орнотуу үчүн – 120 000 миң сом.

**Клуб**

2221 беренеси боюнча – Маданият үйүнө цемент сатып алууга – 36 000 миң сом.

**Жалпы: 278 500 миң сом.**

**2.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Жусуповго милдеттендирилсин.

**Төрайым:** **М.Акматалиева.**